**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Б. ДЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, ЭТНОЛОГИЯ ЖАНА АРХЕОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

**Д 07.23.671 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ**

*Кол жазма укугунда*

УДК: 32:342.518:930.2(575.2)

**Тагаев Бекзат Аралбекович**

# ТӨРӨБАЙ КУЛАТОВ – КӨРҮНҮКТҮҮ МАМЛЕКЕТТИК ИШМЕР

07.00.02 – Ата Мекен тарыхы

Тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасын

алууга жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2024**

Диссертация М.М Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин Коомдук илимдер кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчи:** **Каана Айдаркул**
тарых илимдеринин доктору, профессор, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Кыргызстандын тарыхы жана этнологиясы кафедрасынын профессору

**Расмий оппоненттер:** **Абытов Байболот Капарович**
тарых илимдеринин доктору, профессор, Ош мамлекеттик университетинин Чыгыш таануу кафедрасынын профессору

**Жусупова Моймол Молдобековна**
тарых илимдеринин кандидаты, доцент, Талас мамлекеттик университетинин Тарых жана коомдук илимдер кафедрасынын башчысы

**Жетектөөчү мекеме:** Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин тарых кафедрасы. Дареги: Ош ш., Исанов көч., 73.

Диссертация 2024-жылдын 19 апрелинде 15.00дө Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, этнология жана археология институтуна караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча Д 07.23.671 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720033, Бишкек ш., Фрунзе көчөсү 547.

Диссертацияны коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/072-7sm-mcz-hia

Диссертация менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Фрунзе көч. 547) жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы тарых, этнология жана археология институтунун илимий китепканасынан (720010, Бишкек ш., Чуй пр. 265а), ошондой эле https://vak.kg/d_07_23_671/tagaev-bekzat-aralbekovich/ сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2024-жылдын 19-мартында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, тарых илимдеринин доктору** **Карыева А. К.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргыз эли эгемендүүлүккө жетишип, өз алдынча мамлекет болгондон кийин радикалдуу саясий, социалдык-экономикалык реформалар менен катар элдин руханий кайра жаралуу процесси жүрүп, улуттук аң сезим ойгонуп, элдин өзүн-өзү таануу маселеси күн тартибине коюлуп, тегин, башатын издөө процесси активдүү жүрүп келүүдө.

Кандай гана коом болбосун өткөөл мезгилдерде тарыхка, ата-бабалардын тажрыйбасына кайрылып, элдин биримдигин сактап калууга, өсүп-өнүгүүсүнө руханий жактан тирек издей баштайт. Мында элди кыйын кезеңдерде туура жолго баштап, сактап калууга аракеттенген тарыхый инсандардын ролу, орду, өрнөктүү өмүрлөрү зор мааниге ээ болот. Алардын басып өткөн жолун, иш стилин, башкаруу философиясын, уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүн, элге карата болгон мамилесин, мамлекеттин келечеги үчүн жасаган эмгектерин окуп үйрөнүүнүн азыркы жана келечек муундар үчүн үлгү гана болбостон, чоң практикалык мааниси да бар.

Кыргызстандын көрүнүктүү мамлекеттик ишмерлеринин башкаруу стилин, уюштуруучулук жөндөмдүүлүктөрүн, эл менен мамилелерин, республиканын өнүгүүсү үчүн жасаган иштерин изилдеп, окуп үйрөнүү практикалык жактан чоң мааниге ээ жана азыркы жана келечек муундарды мекенчилдикке тарбиялоодо үлгү болуп саналат. Бир эле мезгилде тарыхый инсандардын ишмердүүлүктөрүн изилдөө жана анын жыйынтыктарын коомчулукка жайылтуу аркылуу мамлекеттик идеологияны бекемдөөгө, республиканы ар тараптуу өнүктүрүүгө, элдин биримдигин жана руханий дараметин күчтөндүрүүгө шарт түзүлөт.

Ушул өңүттөн алып караганда 40 жылдан ашуун аткаруу, мыйзам чыгаруу бийлигин жетектеп, республиканын социалдык-экономикалык, маданий өнүгүүсүнө зор салым кошкон Төрөбай Кулатовдун мамлекеттик ишмердүүлүгүн илимий изилдөөлөрдүн негизинде талдоого алуу, тарыхый бейнесин түзүү азыркы мезгилдин маанилүү маселелеринен болуп саналат.

**Диссертациянын темасынын приаритеттүү илимий багыттар, ири илимий программалар менен байланышы.** Диссертация демилгелүү иш болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык **иштин максаты** көрүнүктүү мамлекеттик ишмер, Кыргыз ССРнин өкмөтүн, Жогорку Советинин Президиумун узак жылдар бою жетектеген Т.Кулатовдун саясий ишмердүүлүгүн, республиканын ар тараптуу өнүгүүсүнө кошкон салымын тарыхый булактардын негизинде кеңири изилдеп, илимий жактан баа берүү.

Коюлган максатты ишке ашыруу үчүн **төмөндөгүдөй милдеттер коюлду:**

1. Изилденип жаткан маселенин изилденүү деңгээлин аныктоо үчүн тарыхнаамалык анализ жүргүзүү, булактык негизине мүнөздөмө берүү жана жана баалоо, изилдөөнүн методологиясы менен методдорун аныктоо;
2. Кыргызстандагы 1920–1930-жж. республикадагы жалпы кырдаалга кыскача баа берүү, Т.Кулатовдун республиканын экономикасын жетектегенге

чейинки басып өткөн жолуна токтолуу жана бийлик системасына тартылуусунун тарыхый факторлорун аныктоо;

3. Т. Кулатовдун Кыргыз өкмөтүн башкарып турган (1938-1945-жж.), айрыкча өтө татаал болгон Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги республиканы өнүктүрүүгө багытталган ишмердүүлүгүнө анализ жүргүзүү;

4. Т. Кулатовдун 1945-1978-жж. Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун төрагасы кызматын аткалап турган учурдагы ишмердүүлүгүнө баа берүү жана анын республиканын ар тараптуу өнүгүшүнө кошкон салымын аныктоо.

**Иштин илимий жаңылыгы**:

1. Илимий ишти изилдөөдө Т. Кулатовдун ишмердүүлүгү боюнча буга чейин белгисиз болгон кээ бир архивдик материалдар, ошондой эле изденүүчү тарабынан Т. Кулатовдун замандаштары, туугандары, аны таанып-билгендер, аны устаты катары көргөндөрдөн сурамжылоо жолу менен чогултулган материалдар илимий айлампага киргизилди;

2. Т. Кулатовдун өлкөнүн өкмөтүн, Жогорку Кеңештин Президиумун жетектеп, 40 жыл мамлекетти башкарууда феноменинин сыры анын жеке адамдык жана жетекчилик мыкты сапаттарында экендиги аныкталды

3. Т. Кулатовдун жеке демилгеси, аракети менен өлкөнүн бир катар стратегиялык объектилеринин курулгандыгы, ошондой эле Т. Кулатов тарабынан башкаруунун өзгөчө бир үлгү боло турган моделин түзгөндүгү далилденди.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** Т. Кулатовдун мамлекеттик ишмердүүлүгү, басып өткөн байсалдуу жолу азыркы мамлекеттик жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын кызматкерлери үчүн үлгү катары гана болуп калбастан, алар анын топтогон тажрыйбасын практика жүзүндө өздөрүнүн ишмердүүлүгүндө пайдаланышса болот.

Изилдөөнүн негизги жоболору, жыйынтыктары инсан таануу жаатында жүргүзүгөн илимий иштерди жүргүзүүдө, өлкөнүн совет мезгилиндеги тарыхын окуп-үйрөнүүдө, өкмөттүн, парламенттин ишин уюштурууда, коомчулук менен иштөөдө, жаш муундарды чыгаан инсандардын мисалында эмгекти сүйүүгө, жоопкерчиликке, мекенчилдикке тарбиялоодо, ар кандай маалыматтык энциклопедияларды түзүүдө колдонсо болот.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

**1.** Т. Кулатовдун коомдук-саясий, мамлекеттик ишмер катары калыптануу жараянында ошол мезгилдеги коомдук-саясий абал түздөн-түз таасир тийгизген. 1920-жж. ортосунан тартып Кызыл-Кыя көмүр кенинде шахтер болуп иштеп, 1930-жж. баш ченинде орто билим алып, шаардын башкаруу түзүмдөрүнө тартыла баштаган. Анын жалпы мамлекеттик стахановдук демилгеге катышып, жумушчулардын арасынан өзгөчөлөнүп туруусу, аймактагы башкаруу иштерине катышуусу, лидерлик жөндөмү, алдыга карай умтулуусу – кийинки саясий карьерасынын өнүгүүсүнө ыңгайлуу шарттарды түзгөн жана саясий ишмер катары калыптануусунда негизги факторлордон болгон.

**2.** Т. Кулатов Советтик Кыргызстандын өсүп-өнүгүүсүнө зор салым кошкон мамлекеттик ишмер. Алгач 1930-жж. Кыргыз ССРнин Жогорку Советине депутат, кийин Эл Комиссарлар Советинин Төрагасы жана республиканын Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы кызматтарын аркалаган. Анын мамлекеттик ишмердүүлүгүнүн үч этапка бөлүп карооголот: 1) 1924-1938-жж.; 2) 1938-1945-жж.; 3) 1945-1978-жж.

3. Т. Кулатовдун өлкөнүн өкмөт башчысы катары, өзгөчө Ата Мекендик согуш мезгилинде фронт үчүн мамлекеттик заказдарды аткаруудагы, өлкөнүн Европалык бөлүгүнөн көчүрүлүп келинген завод-фабрикаларды ишке киргизүүдө, согуш жүрүп жаткан аймактардан көчүрүлүп келгендерди тамак-аш, кийим-кече, жатакана менен камсыз кылуу, жеңиш үчүн фронтко пландан тышкары азык-түлүк, курал-жарактарды жөнөтүү, бүгүнкү күнгө чейин менен өлкөнүн экономикасында өзгөчө орду бар Чоң Чүй каналы, Отуз-Адыр каналы, Орто-Токой суу сактагычы, Кант-Балыкчы темир жолунун, Бишкек-Суусамыр-Жалал-Абад-Ош автомобиль жолунун, Ак-Түз кени, Айдаркен жана Кадамжайдагы ири комбинаттардын жана башка көптөгөн объектердин курулушу Т. Кулатовдун чоң мамлекеттик масштабдагы уюштургуч жетекчи экендигин далилдеп турат;

4. Т. Кулатовдун 1945-1978-жылдардагы ишмердүүлүгү да олуттуу өзгөчөлүктөр менен коштолот. Кыргыз ССРнин Жогорку Кеңешинин Президиумун жетектеп турган мезгилде республиканын ар тараптуу өнүгүүсүнө чоң салымын кошкон. Изилдөөнүн жүрүшүндөгү өлкөнүн Жогорку Кеңешинин Президиумунун полномочиесин кошо талдоо менен анын формалдуу эле орган эмес аткаруу бийлигинин ишмердүүлүгүн аныктаган, кабыл алынган пландардын, чечимдердин ишке ашырылуусун талап кылган, өлкөдө мыйзамдуулукту, элдин суроо-талабын аткарууну борбордук жана жергиликтүү бийлик органдарынан талап кылган, өлкөнүн административдик-территориялык түзүмүн, өкмөттүн структурасын аныктаган, башкаруудагы жана ошондой эле укуктук акыйкаттуулукту көзөмөлдөөнү ж.б.у.с. иш-чараларды уюштурган маанилүү орган экендигин көрсөттү;

5. Т. Кулатовдун республиканын өкмөт башчысы, Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы катары өлкөнүн өнөр-жайы, айыл чарбасы, илим-билими, маданияты, шаарлардын өнүгүшүнө олуттуу салым кошо алган демилгелүү, жоопкерчиликтүү, келечекти көрө билген мамлекетчил жетекчи экендигинин далили анын узак жылдар бою жогорку кызматта болуп, өлкөнү башкаргандыгында;

6. Т. Кулатов саясий коньюнктура өзгөрсө да бийликте көп убактыка чейин калып, түрдүү саясий лидерлер менен тил табыша билген, өз ишине чыгармачыл мамиле жасаган, эң негизгиси карапайым калктын мүдөөсүн биринчи орунга койгон, кичи пейил, жөнөкөй, социалисттик идеалдарга терең ишенген, чынчыл, принципиалдуулугу, өзгөчө башкаруу стилине ээ акылман ишмер катары белгилүү. Мындай сыпаттар Т. Кулатовдун харизматикалык инсан болгондугун айгинелеп турат.

7. Т. Кулатов өзүнүн чынчылдыгы, эл башкарууда адилеттүүлүгү, пакизалыгы, саясий интригалардан оолак болуусу менен мамлекеттик ишмер түшүнүгүнүн кайталангыс бир үлгүсүн, башкарууда кийинки муундарга өрнөк боло турган жолду түзүп кеткен.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Изденүүчү тарабынан каралып жаткан маселе боюнча буга чейин белгисиз болгон кээ бир архивдик материалдар, ошондой эле Т. Кулатовдун ишмердүүлүгү боюнча аны жакындан билгендерден, ошол кезде иштегендерден, туугандарынан алынган маалыматтар, изденүүчү тарабынан сурамжылоо жолу менен жыйналган материалдар изилденип жаткан маселенин булактык базасын байыта алды.

Т. Кулатовдун мамлекеттик ишмер катары өлкөнүн өнүгүшүнө кошкон салымдары такталып, коомчулукта айтылып жүргөн оң-терс пикирлер ишенимдүү тарыхый булактардын негизинде такталды. Анын узак жылдар бою өлкөнү башкаруусунун сырларын ачууга аракет жасалды.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо**. Диссертациянын негизги мазмуну жана илимий жыйынтыктары республикалык жана эл аралык илимий, илимий-практикалык конференциялардагы баяндамаларда апробацияланган.

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышы.** Изилдөөнүн натыйжалары илимий басылмалардан жарык көргөн 14 макалада, анын ичинен чет өлкөлөрдө жарык көргөн 5 илимий изилдөөлөрдө чагылдырылган.

**Диссертациянын түзүлүшү.** Эмгек киришүүдөн, төрт баптан, корутундудан, колдонулган булактардын жана адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын көлөмү 156 бет.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу негизделген, изилдөөнүн максаты жана милдеттери аныкталган, иштин илимий жаңылыгы, коргоого коюлган жоболор, алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү белгиленген, изилдөөнүн натыйжаларынын апробациясы жана диссертациянын түзүлүшү берилген.

**«Изилденип жаткан маселенин тарыхнаамасы»** деп аталган биринчи бапта Т. Кулатовдун өмүрү, мамлекеттик ишмердүүлүгү жана Кыргызстандын эл чарбасын өнүктүрүүгө кошкон салымдары боюнча жазылган эмгектер изилдөөнүн обьектиси жана коюлган милдеттерге жараша иликтенген. Советтик жана постсоветтик мезгилдердеги изилдөөлөр шарттуу түрдө төрт топко бөлүп каралды:

- Т.Кулатов бийликте турган мезгилиндеги республикадагы социалдык-экономикалык, маданий өнүгүү боюнча эмгектер;
- Советтик Кыргызстандын көрүнүктүү инсандары, анын ичинде Т.Кулатовдун ишмердүүлүгүн чагылдырган эмгектер.
- Т.Кулатов боюнча жазылган оозеки материалдарга негизделген чыгармалар, мемуарлар, баяндамалар.
- Т.Кулатовдун юбилейлик даталарына байланыштуу анын өмүр жолун, мамлекеттик ишмердүүлүгүн чагылдырган эскерүүлөр, жарыкка чыккан эмгектер.

Совет мезгилинде тарыхтагы инсандардын ролу маселесине анчейин деле көңүл бурулган эмес. Мында жалпы эл массасынын ролу жогору бааланып, ал эми жеке инсандардын ролу чектелип келинген. Бул учурдагы изилдөөлөр концептуалдык жана идеологиялык негизде алып караганда бир жактуу мүнөздө болуп, Т.Кулатовдун партиялык-мамлекеттик ишмердүүлүгү жалпы саясий изилдөөлөрдүн контекстинде гана каралган. Мында негизги басым анын республиканын чарбалык иштерине катышуусуна жасалган.

Жалпысынан алып караганда советтик тарыхнаамада Т.Кулатовдун ишмердүүлүгү үстүрттөн каралып, изилдөөчүлөр анын ээлеген кызматын көргөзүү менен гана чектелишкен.

Т. Кулатов боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүүдө ал жашаган доорго, саясий ишмерлер жөнүндө иликтенген эмгектерге талдоо жүргүзүлдү. Андан сырткары 1930–1970-жж. республикадагы коомдук-саясий жана экономикалык кырдаалга да баа берген изилдөөлөр да талданды. Анткени Т. Кулатовдун ишмердүүлүгү түздөн-түз республиканын ар тараптуу өнүгүүсү менен байланыштуу. Проблеманын тарыхнаамасы биринчиден, инсан таануу маселесин, экинчиден, республиканын өнүгүүсү боюнча жазылган эмгектерден, үчүнчүдөн, конкреттүү изилденип жаткан маселе боюнча эмгектерге талдоо жүргүзүүдөн турат. 1930-жж. аяк чениндеги мамлекеттик курулуш, Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы республиканын өнүгүүсү, согуш учурундагы эвакуацияланган элдерди, өнөр-жай объектилерин Кыргызстанга жайгаштыруу иштери, тылдагы күжүрмөн аракеттерди ишке ашырууда Т.Кулатов чоң роль ойногон.

1930-1970-жж. республиканын ар тараптуу өнүгүүсү боюнча жазылган эмгектерди талдоого алуу аркылуу биз Т.Кулатовдун ишмердүүлүгүн терендеп изилдөөгө мүмкүндүк алабыз. Мисалы, өнөр-жай, айыл чарба, маданияттын өнүгүшү, согуш мезгилиндеги республикадагы абал ж.б. менен байланышкан бир топ эмгектер жарык көргөн.

Франциялык окумуштуу Н.Верттин История советского государства аттуу эмгегинде биз изилдеп жаткан мезгилге таандык бир топ материалдар берилген. Мисалы, 1930-жж. өлкөнүн саясий абалы, коллективдештирүү, биринчи беш жылдык пландары, индустриалдаштыруу, маданий жана социалдык революциялар, советтик экономикалык экономикалык өнүгүү моделинин калыптануусу ж.б. маселелер талдоого алынган. Автор Россиядагы 1917-ж. чейинки абалды, революцияны жана анын жыйынтыктарын, саясий системанын өзгөрүүсү ж.б. маселелерди кылдаттык менен иликтеген, анын эмгеги өзүнүн объективдүүлүгү менен айырмаланып турат.

Көрүнүктүү тарыхчы өзүнүн эмгектеринде С.Аттокуров Советтик Кыргызстандагы өнөр жайынын калыптануусун, өнүгүүсүн документалдык материалдардын негизинде терең изилдөөгө алган. Ал эми А.Асанканов өзүнүн монографиясында 1960-1980-жж. республикадагы айыл-кыштактардын социалдык-маданий өнүгүүсүн талдоого алган. И.С.Болджурова республикадагы колхоздук дыйкан чарбаларынын өнүгүүсүн изилдесе, О.Т.Төлөгөнов партиянын бийлик системасындагы орду, өнүккөн социализм мезгилиндеги руханий маданиятты иликтеген. Ж. Бактыгулов, Ж. Малабаев

ж.б. эмгектеринде Т.Кулатов бийликте турган мезгилдеги республиканын айыл чарбасынын өнүгүшү, социалдык абалы, бул багыттардагы өзгөрүүлөр терең иликтенген. А.К. Каниметов, И.А. Соктоевдин эмгектеринде Советтик Кыргызстандагы билим берүү системасынын өнүгүүсү, интеллигенциянын калыптануу жана өнүгүү тарыхы изилденген. Ал эми О.Осмонов 1960-1980-жж. Кыргызстандагы айыл жергесиндеги эмгекчилердин жашоо турмушу боюнча терең изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Т.Кулатов 40 жылдан ашуун бийликте турган мезгилдеги республиканын социалдык-экономикалык, саясий жана маданий өнүгүүсү жамааттык илимий эмгектерде да чагылдырылган.

История Киргизской ССР. Төртүнчү том. 1938-1960-жылдарды өз ичине камтыйт. Анда Советтик Кыргызстандын 1938-1941-жж., Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги жана Эл чарбасын калыбына келтирүү, 1950-жж. өнүгүүсү, маданий өнүгүү боюнча терең изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Т.Кулатовдун Кыргыз ССРнин Совнаркомун жетектеп турган мезгилдеги республиканын өнүгүүсү боюнча балуу материалдарды алууга болот.

Изилденип жаткан маселенин постсоветтик мезгилдеги тарыхнаамасы инсан таануу багытына өз салымдарын кошкон окумуштуулардын эмгектеринен башталат. 1990-жж. тартып кыргыз элинин көрүнүктүү инсандары жөнүндө бир катар эмгектер: макалалар, монографиялар жазылып, илимий иштер корголгон (Ж.Абдрахманов, Т.Айтматов, Б.Исакеев, А.Сыдыков, А.Орозбеков, И.Раззаков, Т.Усубалиев, А.Масалиев ж.б.).

«У истоков кыргызской национальной государственности» аттуу монографияда авторлор жамааты кыргыз совет мамлекеттүүлүгүн түптөгөн инсандарды иликтөөгө алышкан. Эмгекте жогоруда аталган саясий ишмерлердин кыргыз совет республикасын түзүүдөгү ролуна, өз элин бактылуу турмушка жеткирүү үчүн жасаган күжүрмөн эмгектерине жана алардын инсандык сыпаттарына баа берилген.

Эмгекте Т.Кулатовдун өмүр жолу, саясий аренага чыгуусу, мамлекеттик ишмер катары калыптануусу, республиканын өнүгүүсүнө кошкон салымы (стратегиялык маанидеги объектилердин курулушу) ж.б. маселелер изилдөөгө алынган. Анда авторлор архивдик, оозеки жана документалдык материалдарга таянып Т.Кулатовдун саясий бейнесин ачып беришкен. Бул эмгек илимий жактан чоң мааниге ээ, анткени анда камтылган материалдар ар тараптуу талдоого алынып, түрдүү фактылар келтирилип, оозеки булактар да системага салынып, хронологиялык жактан ырааттуу түрдө берилген. Эң негизгиси, авторлор алгач кезикпеген архивдик материалдарды колдонуусу бул эмгектин баалуулугун жогорулатып турат.

С.Табышалиевдин жана А.Табышалиеванын эмгегинде Кыргызстандын көрүнүктүү мамлекеттик ишмери И. Раззаковдун ишмердүүлүгү алгачкы ирет обьективдүү түрдө, кенен иликтөөгө алынган. 1996-ж. И.Раззаков жөнүндө эскерүүлөр, ал эми 2000-ж. документалдык материалдар жыйнагы жарык көргөн. Жамааттык авторлордун бир катар мемуардык мүнөздөгү булактарынын негизинде жазылган бул эмгектерде И.Разаковдун саясий ишмердүүлүгү кенен иликтенет. Аталган эмгектерде 1940–1960-жж. көрүнүктүү саясий ишмерлердин чыныгы бейнеси ачып берилген жана

архивдик, эпистолярдык жаңы маалыматтарды жана документтерди пайдалануу аркылуу Кыргызстандагы социалдык-саясий жана экономикалык өнүгүү процесстерине реалдуу баа берилген.

Курманов З.К., Плоских В.М. Абдыкерим Сыдыковдун кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөөгө кошкон салымын изилдешкен. Ал эми Ж.Жуманалиев, Ж.Ж. Жунушалиевдин эмгектеринде да 1930-жж. саясий процесстер, көрүнүктүү инсандардын ишмердүүлүктөрү чагылдырылган. М.М. Жусупова менен Т.Н.Өмүрбековдун эмгегинде Төрөкул Айтматовдун саясий жана мамлекеттик ишмердүүлүгү талдоого алынган.

Постсоветтик мезгилде Советтик Кыргызстандын социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүшүнө зор салым кошкон мамлекеттик ишмерлер (И.Раззаков, Т.Усубалиев, А.Масалиев ж.б.) жөнүндө иликтөөлөр жүргүзүлгөн. Бирок, Т.Кулатов, А.Толубаев, Б.Мамбетов, А.Сүйөркулов, К. Дикамбаев, А.Сүйүмбаев, ж.б. көрүнүктүү инсандардын коомдук-саясий ишмердүүлүктөрү көп убакытка чейин иликтенбей, илимий жактан баа берилбей келинген.

Бактыгулов Дж.С., Осмонов О.Ж., Самиева Ж. ж.б. эмгектеринде Кыргызстандын каралып жаткан мезгилдеги социалдык-экономикалык, саясий, маданий өнүгүүсү боюнча ар тараптуу иликтөөлөрдү жүргүзүшкөн.

Акыны, жазуучу Т. Нурматовдун "Кулат уулу Төрөбай" аттуу 1993-жылы жарык көргөн эмгегинде анын өмүр жолу, ишмердүүлүгү, айылдаштарынын эскерүүлөрү, саясий ишмердин айылы, анын кадырлап, эңсеп жүргөн жерлери ж.б. маалыматтар камтылган. Автор оозеки булактарга таянып Т.Кулатовдун саясий бейнесин, чарбалык, саясий ишмердүүлүгүн ачып берүүгө аракет жасаган.

Акын, жазуучу Т. Мияшев өзүнүн чыгармачылыгында мамлекеттик ишмер Т.Кулатовго арнап "Баарыбыздын атабыз" аттуу даректүү повесть жазган. Бул чыгармадан Т.Кулатовдун айланасындагы чыныгы турмуштук окуялардан, айрым тарыхый фактылардан кабардар боло алабыз.

1998-ж. Т. Кулатовдун 90 жылдыгына арналган жазуучу, публицист Т.Абдыкаровдун эмгегинде архивдик документтердин негизинде саясий ишмердин өмүр баяны, мамлекеттик кызматтарды ээлеп турган учурдагы негизги иш аракеттери баяндалат. Т.Кулатовдун бийлик системасына тартылуусу, жасаган иштери конкреттүү фактылык материалдарды, бир катар документтерди анализдөөнүн негизинде жазылган.

Кыргызстандын көрүнүктүү мамлекеттик ишмери Т. Усубалиевдин эмгегинде Т.Кулатов жөнүндө маалыматтары өзгөчө кызыгууну пайда кылат. Анда Т.Кулатовдун ишмердүүлүгү, 18 жыл Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумун башкарып турган мезгили, мунапыс берүү, сот органдарынын чечимдерин элдин арыздарына ылайык кайрадан кароо, Кыргызстандын экономикалык жана руханий дараметин өнүктүрүүгө кошкон салымы ар тараптуу талдоого алынган.

Оозеки материалдардын негизинде Т.Кулатовдун ишмердүүлүгүн чагылдырыган көркөм-адабий эмгектер да маселени изилдөөдө зор мааниге ээ. Анткени аларда оозеки мүнөздөгү материалдардын негизинде алгач белгисиз

болгон тарыхый окуялар ачып берилген. Т.Кулатовдун 90 жылдык маарекесине карата тарыхчы, мамлекеттик жана коомдук ишмер Ж.Жоробеков тарабынан түзүлгөн жана редакцияланган "Легендага айланган инсан" аттуу Төрөбай Кулатов жөнүндөгү маектердин жана эскерүүлөрдүн топтому жарык көргөн.

Т. Кулатов жөнүндөгү дагы бир эмгек анын 100 жылдык маарекесине арналган акын, коомдук ишмер Э.Эрматовдун "Легендага айланган инсан" аттуу маек-эссе китеби чоң кызыгууну пайда кылат. Анда Т.Кулатовдун жаш чагы, үй-бүлөсү, көрүнүктүү саясий инсан болуп калыптануусу, Кызыл-Кыя шахтасында иштеп жүргөн мезгилдеги окуялар чагылдырылган. Т.Кулатовдун саясий ишмердүүлүгү, республиканын өнүгүшүнө кошкон салымы, мисалы, Фрунзе-Рыбачье темир жолун куруу боюнча аракеттери, Сталин менен жолугушуусу кенен баяндалган.

Кыргыз ССРинин Жогорку Советине 4 жолку депутат, партиялык ишмер Б.Каримова "Элибиздин улуу инсандары" аттуу Исхак Разаков, Төрөбай Кулатов, Гапар Айтиев жана Султан Ибраимовдор тууралуу өзүнүн эскерүүлөрүнөн турган китебинде Т. Кулатов менен баарлашуусунан айрым маанилүү учурларды жазган. Ошондой эле Т.Кулатовдун мамлекеттик ишмердүүлүгү боюнча баалуу маалыматтарды берет.

КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер Б. Тагаев өзүнүн "Акылман жетекчи Төрөбай Кулатов" аттуу китебинде замандаштарынын, мамлекеттик кызматкерлерден алынган маектердин негизинде тарыхый чындыкты калыбына келтирүүгө аракет жасаган. Анда Күлүйпа Кондучалова, Апсамат Масалиев, Узак Кулатов, Салима Ташбекова ж.б. менен болгон маектер илимий жактан бир катар кызыгууларды жаратат. Анткени алар өздөрү Т.Кулатов менен бирге бир катар саясий иш чараларга катышкан, ошондуктан андагы материалдар изилденип жаткан проблеманы объективдүү чагылдырууда зор мааниге ээ.

Т. Кулатовдун саясий бейнесине, тарыхый ишмердүүлүгүнө кыргыз тарыхчыларынын ичинен алгачкылардан болуп тарых илимдеринин доктору, профессор Б. Абытов кайрылган. Мамлекеттик ишмердин 100 жылдыгына арналган макалада автор Т.Кулатовдун мамлекеттик ишмер болуп калыптануусуна карата тарыхый көз карашын билдирип, анын тарыхый-саясий бейнесине штрихтерди, борбордук бийлик менен болгон мамилелерине токтолуу менен ишмердүүлүгүнө реалдуу баа берүүгө аракеттенет.

Т.Кулатовдун коомдук-саясий ишмердүүлүгүн изилдөө боюнча акыркы ондогон жылдар аралыгында көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлүп, эмгектер жарыкка чыккандыгын тарыхнаамалык талдоо көрсөттү. Бирок бул тема боюнча дагы эле бир катар боштуктар, ал иликтенбеген аспектилери бар, аларды бул изилдөөдө диссертант жаңы булактардан пайдаланып, конкреттүү материалдардын негизинде ачып берүүгө аракет жасаган. Каралып жаткан маселе боюнча изилдөөлөрдүн көптүгүнө карабастан, аны ар тараптуу изилдеп, илимий түрдө баа берген иштер жокко эсе.

«**Изилдөөнүн методологиясы, методдору жана булактык негиздери**» деген аталыштагы экинчи бапында изилденип жаткан маселенин объектиси, предмети, булактык базасы жана теориялык-методологиялык негиздери каралган.

**Изилдөөнүн объектиси –** Советтик Кыргызстандын көрүнүктүү мамлекеттик ишмери Т.Кулатовдун өмүр жолу жана ишмердүүлүгү.

Республиканын өкмөтүн, Жогорку Советинин Президиумун узак жылдар бою жетектеген Төрөбай Кулатовдун ишмердүүлүгүнө баа берип, көрүнүктүү мамлекеттик ишмер катары бейнесин ачып берүүнүн алдында тарых илиминдеги инсан таануу проблемасына токтолуп кетүүнүн зарылдыгы бар. Тарыхый жараяндын өнүгүүсүнө бир катар факторлор таасир тийгизет, мында эң маанилүүсү нсандардын коомдук өнүгүүгө тийгизген таасирин өзгөчө бөлүп кароого болот. Айрыкча өткөөл доорлордо кайталангыс сапаттарга ээ инсандардын тарыхтагы ролу чоң. Тарых илиминде инсандардын тарыхый өнүгүүдөгү орду жана ролу жөнүндө маселе көп мезгилден бери окумуштуулардын көңүл чордонунда болуп келет.

Өз элинин жыргалчылыгы үчүн жасалган улуу иштер бул элдерден чыккан чыгаан инсандардын жекече сапаттарына жана жөндөмдөрүнө жараша ишке ашырылган. Тилекке каршы, Совет бийлигинин жылдарындагы тарыхый инсандардын көпчүлүгүн унуттук, туурасын айтканда, таптык жана идеологиялык көз караштардан улам, «унуткандай» түр көрсөттүк. Постсоветтик мезгилде гана алгач таптык жана идеологиялык көз караштардан улам унутулуп калган советтик мезгилге чейинки инсандарга жана кызыл террордун жана массалык репрессиялардын жылдарындагы жана андан кийинки жылдардагы инсандардын проблемаларына кайрылууга мүмкүнчүлүк алдык.

Т.Кулатов – кыргыз элинин XX кылымдагы көрүнүктүү мамлекеттик ишмери. Ал муну өзүнүн эмгеги жана өмүрү менен далилдеген. Мына ошондуктан кыргыз эли Т.Кулатовду өзүнүнүн улуу уулу деп атап, анын ысымын урпактардын, Кыргызстандын жалпы элинин эсинде кылымдар бою сактап калууга умтулат. Анткени ал ар тарабынан татыктуу.

**Изилдөөнүн предмети** – Т. Кулатовдун мамлекеттик ишмердүүлүгүнүн республиканын социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүнө тийгизген таасири, кошкон салымы.

Т. Кулатовдун ишмердүүлүгүн үч мезгилге бөлүп кароого болот: 1.Аймактык маанидеги инсан катары. 2. Республикалык маанидеги саясий ишмер катары. 3. Мамлекеттик (жалпы СССРдин) масштабындагы ишмер катары. Улуу Ата мекендик согуш мезгилиндеги кеңири масштабдагы жана өзгөчө жоопкерчилик артылган ишмердүүлүгүнүн башталышынан тартып Т.Кулатов жалпы союздук деңгээлдеги иштерге аралашып, ири мамлекеттик ишмерге айланган.

Кыргызстандын советтик мезгилдеги өнүгүүсүн ар тараптуу изилдөө үчүн ошол мезгилдеги бир катар документалдык материалдарга таянуу зарыл. Аларга: жергиликтүү бийлик түзүмдөрүнүн күндөлүк иш кагаздары, өкмөттүн, парламенттин (Жогорку Советтин) токтомдору, мыйзамдары, буйруктар, Жарлыктар, партиялык чечимдер, өндүрүштүк мүнөздөгү иш кагаздар, расмий бийликтин билдирүүлөрү ж.б. киргизсе болот. Андан сырткары проблеманын булактык базасына 1930–1970-жж. саясий, экономикалык жана социалдык мүнөздөгү маселелер боюнча түзүлгөн архивдик документтер (республикалык,

областтык, райондук масштабдагы), мезгилдүү басма сөздө чагылдырылган маалыматтар, эскерүүлөр ж.б. кирет. Андан сырткары Т.Кулатовдун изилденип жаткан мезгилдеги түрдүү кызматтарда турган учурунда жыйындардагы сөздөрү, билдирүүлөрү, эскерүүлөрү, кабыл алынган документтер, чечимдер да кошумча тарыхый материал катары кызмат кылат.

Диссертациялык иште түрдүү булактардын колдонулушу каралып жаткан проблеманы комплекстүү түрдө изилдөөгө жана коюлган милдеттерди максаттарды ийгиликтүү чечүүгө мүмкүндүк берди. Изилдөөдө биографиялык, тарыхый-салыштырма, структуралык-функционалдык анализ, хронологиялык, салыштырма, статистикалык усулдар пайдаланылды.

Маселени изилдөөдө тарыхый-биографиялык ыкма чоң роль ойноду. Ал ыкма аркылуу Т.Кулатовдун өмүр жолу, турмушу, саясий ишмердүүлүгү талдоого алынды. Бир эле мезгилде биографиялык ыкма аркылуу Т.Кулатовдун үй-бүлөсү, турмуштук окуяларын талдоодо колдонулду. Бул ыкма аркылуу каралып жактан инсандын жашоосундагы кайталангыс учурлар, бийлик ситемасына тартылуусу, мансабынын жогорулоосу, үй-бүлөлүк мамилелери, анын ички дүйнөсүн сүрөттөө мүмкүндүк түздү. Бул ыкма, албетте, жеке документтерге: автобиография, каттар, күндөлүктөр, эскерүүлөргө таянат. Тарыхый-биографиялык ыкма аркылуу Т.Кулатовдун турмуштук тарыхын толук ачууга жана анын инсандык бейнесин мүнөздөөгө шарт түздү. Бул ыкманын негизин өз кезегинде дедуктивдүү ыкма түзөт, анткени инсандардын жашоосун сыпаттоодо, тарыхый чындыкты калыбына келтирүүдө, баарынан мурда инсандын тарыхта калтырган издерине таянат же басым жасайт. Жогоруда айтылгандай мында тарыхый документтер, замандаштардын эскерүүлөрү, күндөлүктөр, мемуарлар чоң мааниге ээ. Тарыхый-биографиялык методдун өзгөчөлүгү материалды баяндоодо адабий-көркөм ыкмаларын (сюжеттүүлүк, образдуулук) кеңири колдонулат. Бир эле мезгилде эмоционалдуулук, инсанды баалоодо автордук позицияда чоң мааниге ээ. Т.Кулатовдун ишмердүүлүгү анын замандаштарынын эскерүүлөрүндө, согуш мезгилинде жазылган каттарда, Кызыл-Кыя шахтысында бирге иштеген жумушчулардын айтымдарынан, Кыргыз ССРнин Өкмөтүн, Жогорку Кеңешин жетектеп турган мезгилдеги кесиптештеринин мемуарларында камтылган. Демек, бул ыкма Т.Кулатовдун жеке турмушу, анын саясий проблемалар боюнча субъективдүү позициясын аныктоодо, инсандык сапаттарын баалоодо, эл менен болгон мамилесин аныктоого мүмкүндүк берди.

Т.Кулатовдун өмүр жолун, мамлекеттик, коомдук-саясий ишмердүүлүгүн жана республиканын өсүп-өнүгүүсүнө кошкон салымын изилдөөдө тарыхыйлуулук принциби негизги орунда турат. Анткени ал өткөн окуяларды, көрүнүктүү ишмерлердин ролун объективдүү чагылдырууда зор мааниге ээ.

Тарыхый-салыштырма ыкмасы каралып жаткан проблеманын маани-маңызы терең ачып берүүгө, колдонулуп жаткан фактыларды аңдап, түшүнүүгө ыңгайлуу шарттарды түздү. Бул ыкма аркылуу 1930-жж. аяк чениндеги мамлекеттеги саясий кырдаал, Т.Кулатовдун бийлик системасына тартылуусу, анын башка лидерлерден өзгөчөлүгү, 1940-жж. жана согуштан кийинки

мезгилдеги ишмердүүлүгүнө баа берилип, тарыхый фактылар салыштырылып талдоого алынды.

Жазма-баяндама методу каралып жаткан маселени изилдөөдө кеңири колдонулду. Бул методдун негизинде архивдик, талаа материалдары системалаштырылып, кайрадан каралып чыкты жана маселени ара тараптуу ачып берүүгө, чогултулган документтерди анализдөөгө мүмкүндүк түзүлдү.

Аталган изилдөөнүн методологиялык базасын тарыхыйлуулук, системалуулук, объективдүүлүк, салыштырмалуу анализ принциптери, андан сырткары таанып билүүнүн диалектикалык жана проблемалык-хронологиялык методу колдонулду. Алар Кыргызстандын советтик мезгилдеги өнүгүүсүнүн негизги тенденцияларын, тарыхый инсандардын ишмердүүлүктөрүн ачып берүүгө мүмкүндүк түздү.

**«Т.Кулатовдун саясий аренага чыгуусу жана мамлекеттик ишмер катары калыптануусу»** деп аталган үчүнчү бапта Т. Кулатовдун саясий аренага чыгуу алдындагы Кыргызстандагы жалпы коомдук-саясий абалга тарыхый анализ жасалган. Т.Кулатовдун жаш курагы жана анын мамлекеттик кызматкер катары калыптануусунун алгачкы этаптары каралды.

Төрөбай Кулатовдун саясий аренага чыгуусун, анын мамлекеттик ишмердүүлүгүн изилдөөдөн мурда ошол учурдагы республикадагы коомдук-саясий, экономикалык абалга баа бере кетүү туура болот. Анткени так ушул факторлор Т.Кулатовдун бийлик системасына тартылуусун шарттап турат.

- 1917-ж. Россияда Октябрь революциясынын ишке ашуусу менен жер-жерлерде жаңы совет бийлиги орноп, коомдук өнүгүү системасы түп тамырынан бери өзгөргөн. Эми бийликке жумушчу, дыйкандардын өкүлдөрү тартылып, мурунку саясий элиталар, экономиканын негизин түзгөн күчтөр башкаруу системасынан четтетилишкен;
- коммунисттик идеологияны туу тутуп, элдин карапайым катмарларынын кызыкчылыктарын алдыңкы орунга койгон жаңы бийлик улуттук аймактарда да өз таасирин бекемдөөгө аракеттерди жасаган. Бул багытта 1920-жж. Түркстан аймагында жер-суу реформалары, улуттук-территориалдык бөлүнүүлөр ишке ашып, жаңы республикалар калыптанган. Бул өз кезегинде аймактагы элдердин бир республиканын алкагында биригишине, ар тараптуу өнүгүшүнө мүмкүндүк берген;
- Саясий өңүттө алып караганда, бул мезгилде республикада бирдиктүү башкаруу системасы түзүлүп, формалдуу мүнөздө болсо да чек ара такталып, түрдүү ведомстволор иштей баштаган. Ал өз кезегинде Кыргызстандын өнүгүшүнө ыңгайлуу шарттарды түзгөн;
- Т.Кулатовдун бийлик түзүмдөрүнө тартылаар мезгилинде Кыргызстанда ири социалдык-экономикалык, маданий өзгөрүүлөр ишке ашып, 1920-жж. калыптана баштаган мамлекеттүүлүк процесси жаңы этапка өткөн учур болгон. 1936-ж. Кыргыз ССРнин түзүлүшү, 1937-ж. республиканын жаңы Конституциянын кабыл алынышы жана Жогорку Советинин (парламентинин) негизделиши – анын союздук масштабда статусунун жогорулашына, бирдей укуктарга ээ болушуна жана ар тараптуу өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн;

Совет мамлекетинде саясий системанын өзгөрүшү элдин жөнөкөй катмарларынын өкүлөрдүн бийлик түзүмдөрүнө, коомдук өнүгүүнүн башка багыттарына тартууга шарт түздү. Ушундай өзгөрүүлөргө Т.Кулатов да тартылып, коомдук өнүгүүгө өз салымын кошуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болду.

Төрөбай Кулатов 1908-ж. 10-январда Ош облусунун Молотов (азыркы Ноокат) районунун Жал айылдык кеңешинин Кызыл-Булак айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Ата–энесинен эрте ажыраган Т.Кулатов 1917-жылдан баштап оокаттуу чарбаларда жалданып иштеген.

Т.Кулатов өзү жазган өмүр баянында 1924-жылдан 1925-жылга чейин Кызыл-Кыя темир жол станциясында кара жумушчу болуп өз алдынча иштегендиги айтылат. 1925-1926-жж. жаңы салынып баштаган Төрөбай жаңы Кувасай – Кызыл-Кыя темир жол салаасынын курулушуна жумушчу катары ишке орношот. Ал жерде толук бир жыл иштейт, курулуш аяктаган соң 1926-жылы Кызыл-Кыяда №4-кенинде которулуп, анда 1928-жылга чейин жүк ташуучу, кийин бир жыл кен казуучунун шакирти болуп эмгектенет. Кен казуучу квалификациясына ээ болгон Т.Кулатов 1929–1934-жылдары алты жыл үзгүлтүксүз Кызыл-Кыянын «Жал» шахтасында кен казуучу болуп иштеген.

Т.Кулатов Кызыл-Кыянын таш көмүр кенин казып алуучу жайларында, легендарлуу беш жылдыктардын убагында жумушка такшалат. 1931-жылдан тартып Т.Кулатов Көмүрчүлөр союзунун профсоюз уюмунун мүчөсү болгон. 1932-ж. июлда алдыңкы кен казуучу, жамааттын кадыр-барктуу жумушчусу Т. Кулатов коммунисттик партиянын катарына кабыл алынат.

Т.Кулатов республиканын шахтёрлорунун ичинен биринчилерден болуп өлкөнүн атактуу кен казып алуучулары А.Стахановдун жана Н.Изотовдун жолун жолдоп Кызыл-Кыя таш көмүр кенинде социалисттик мелдештерди уюштуруунун демилгечиси болгон. Мыкты көрсөткүчкө жетишип, оозго илинип, шахтыдагы эң мыкты деген стахановчулардын катарына кошулат. 1934–1935-жж. мыкты стахановчулар менен бирге Москвада өткөн Бүткүл Союздук стахановчулардын кеңешмесине катышат.

1934-жылдын декабрында ал Кызыл-Кыянын Кен Комитетинин төрагалыгына шайланган. 1936-жылдын май айында Кызыл-Кыядагы Советтик-партиялык 9 айлык мектепте билим алат. Окуу аяктаган соң шахтыга кайра кайтып келип, 1937-жылдын май айына чейин “Жал” шахтасында кен казуучу болуп эмгектенген. Андан ары Жал шахтасында өткөрүлгөн шайлоодо шахтанын парторг (партиялык уюштуруучу) кызматына шайланган. Анын алдында түйшүктүү иштер турган: социалисттик мелдешти уюштуруу, стахановдук кыймылды өнүктүрүү зарылдыктары ж.б. Өзүнүн табигый сапаттары жана турмушта алган тажрыйбасынын негизинде ал жолдошторунун арасында өзгөчөлөнүп турган жана таанымал адамга айланган.

1937-ж. Т. Кулатовдун жашоосунда ири өзгөрүүлөр башталган. Ал жөнөкөй жумушчудан эми республикалы кызматка тартылган. Ошол жылдын 12-декабрында өткөрүлгөн шайлоодо Кыргызстандык көптөгөн өндүрүштүн алдыңкылары, стахановдук кыймылды улантуучулар жана интеллигенциянын өкүлдөрү СССРдин Жогорку Советине депутат болушкан. Улуттардын Советине шайланган биринчи депутаттардын арасында Т. Кулатов да болгон.

Ал СССРдин Жогорку Советинин биринчи сессиясынын ишине катышат, Москвада мамлекеттик жана партиялык ишмерлер менен, өлкөнүн өндүрүшүнүн алдыңкылары менен жолугушуп сүйлөшөт.

1938-ж. февралда Т. Кулатовду Кызыл-Кыя шаардык депутаттар советинин төрагасынын орун басарлыгына шайлашат. Бул кызматта төрт ай иштегенден соң Т. Кулатов Борбордук Азиядагы эң ири «Кыргызкөмүр» трестинин директорунун орун басарлыгына дайындалат. 1938-жылдын июнунда партиялык органдар анын кандидатурасын Кыргыз ССРнин Жогорку Советине депутаттыкка көрсөтүшкөн.

Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин 1938-ж. июль айындагы биринчи чакырылыштагы сессиясында Кыргыз ССРинин өкмөтү түзүлгөн жана депутат Т.Кулатов республиканын Эл Комиссарлар Советинин Төрагасы болуп шайланган.

**«Т.Кулатовдун 1938-1978-жж. мамлекеттик ишмердүүлүгү»** деп аталган төртүнчү бапта анын республиканын өкмөтүн жетектеген согуштун алдындагы жана согуш жылдарындагы жана согуштан кийинки республиканын Жогорку Советинин Президиумунун башында турган мезгилиндеги ишмердүүлүгү иликтөөгө алынган.

1938-жылы жаңы шайланган Жогоку Советтин биринчи сесссиясында Эл комиссарлар советинин төрагасы катарында Т.Кулатов чыгып сүйлөп, өз сөзүндө ал өкмөттүн ишиндеги чечилбей келген маселелерге токтолгон. Оруп-жыйноо ишин уюштуруудагы кемчиликтер, колхоз, совхоздордун абалынын канааттанддырарлык эместиги, айрыкча айыл жергеси, четки тоолуу аймактар зарыл болгон айыл чарба шаймандары жана керектүү товарлар менен начар камсыздалып келгенин кескин сынга алган. Эл агартуу, билим берүү жаатында да абал оор экенин баса белгилеген. Ушул эле сессияда жаңы өкмөттүн курамы аныкталган. Республиканын социалдык-экономикалык жана маданиятынын деңгээли 20-жж. салыштырмалуу кыйла жогорулап, өнүгүүнүн негиздери түзүлүп калган кез болчу. Ошондой болсо да Кулатовдун өкмөтүнүн алдында эбегейсиз зор иш- өлкөнүн экономикасын жана маданиятын андан ары токтоосуз көтөрүү милдети турган. Аткара турган иш аз эмес эле. Завод, фабрикаларды куруу, айыл чарбасын өнүктүрүү, маданият тармагын алдыга жылдыруу чоң каражаттарды, күчтү талап кылып турган.

1940-ж. 27-30-декабрда Фрунзеде Кыргызстан КП БК(б)нын III пленумунда Т. Кулатов республикадагы ошол жылдагы айыл чарбасынын өнүгүшү боюнча баяндама жасаган. Анын кыскача мааниси төмөнкүдөй: «Айыл чарба жаатындагы биздин эмгегибиз 1940-жыл үчүн бардык жагынан канааттандырарлык деп эсептөөгө болот. Кант кызылчасынын, пахтанын жана кылкандуу дан эгиндеринен колхоздор жана совхоздор жакшы түшүм алууга жетишти. Алсак, кылкандуу дан эгиндеринин баарынын түшүмү 1940-жылы республикада жалпысынан гектарынан 10,6 центнерден алынса, алардын ичинде колхоздордо – 10,4, совхоздордо гектарынан 11 центнерден алынды. Эске салсак, 1939-жылы биз кылкандуу дан эгиндерин гектарынан 7,5 центнерден алганбыз. Ал жылга салыштырмалуу колхоздор жана совхоздор боюнча кылкандуу дан эгиндеринен түшүм алуу 41 %га өскөн. Биздин

республика 1940-жылы кант кызылчасынын түшүмдүүлүгү боюнча 1939-жылга караганда ар бир гектардан 431,7 центнерден же 27 центнерге көбүрөөк алып, Союзда биринчи орунга чыкты», – деп баса белгилеген.

Анын согуш жылдарындагы ишмердүүлүгү принципиалдуулугу менен өзгөчөлөнгөн, ар кандай проблеманы чечүүдө ал сөзсүз түрдө элдин тагдырын биринчи орунга койгон. Анын ишмердүүлүгүн республиканын партиялык жана мамлекеттик белгилүү ишмери К.Дикамбаев мындайча эскерет: «Мен Кыргыз ССРинин Эл комиссарлар советинин төрагасынын бир орун басары катары биргелешип иштегендиктен, Т.Кулатовду 1940-жылдын декабрынан тартып билчүмүн. Мурдагы шахтёр үчүн мындай бийик жоопкерчиликтүү кызматта иштөө, республиканын бардык жактарын камтуу абдан оор болгону эсимде. Бирок ал талыкпай иштөөгө, мамлекеттик иштин негизин өздөштүрүүгө жөндөмдүү эле».

Кыргызстандын өкмөтү башка республикалардай эле өлкөнүн коргонуу кубатынын негизи болуп саналган өнөр жайдын жана транспорттун муктаждыктарын чечүүгө чоң көңүл бурган. Коргонуу максатында М.В. Фрунзе атындагы заводду, Ак-Түз жана Хайдаркен кен казып алуу ишканаларын тез арада куруп, ишке киргизүү зарыл болгон.

Мамлекетти башкаруудагы жогорку уюштуруучулук жөндөмү, бөтөнчө такты, кыйынчылыкка моюн бербеген тырышчаактыгы, өжөрлүгү менен ал бардык тоскоолдуктарды жеңип өтө алды. Башка кыргыз жетекчилеринен айырмаланып Кулатовдун өкмөттөгү ишмердүүлүгү согуш жылдарына туура келген. Жаштыгына карабастан өкмөттүн ишин демилгелүү уюштура алган. Тарыхчыларыбыз белгилегендей, согуш жылдары Кыргызстанга Украинадан, Белоруссиядан, Ленинграддан, Москвадан жана Россиянын башка шаарларынан 150 миңдей эвакуацияланган адамдар, Польшадан 13 миңдей эмигранттар жана Түндүк Кавказдан сүргүнгө айдалган миңдеген адамдар келген

1941-ж. 16-августта Совет өкмөтү өлкөнүн Чыгышында жаңы экономикалык базаларды түзүү, куралдарды, ок-дарылар, аскердик техника өндүрүшүн андан ары өнүктүрүү боюнча программа кабыл алган. Ага ылайык эвакуацияланып келинген заводдорду жана фабрикаларды кабыл алуу жана ишке киргизүү, алардын жумушчуларын турак-жай менен камсыз кылуу жана ишке орноштуруу чараларын тез аранын ичинде аткаруу зарыл болгон. Кыргызстанда Т.Кулатов жетектеген өкмөт 1941-жылдын июлунан 1942-жылдын декабрынын аягына чейин союздун борбордук райондорунан алып келинген 38 ири өнөр жай ишканасын, 10дон ашык илимий мекемелерди жана жогорку окуу жайларды кабыл алышкан. Фронтко эмгекчилердин атынан 300 вагон белек, аскерлер үчүн 600 миңден ашык кийим кече, учак жана танктарды жасоого 200 миллион рубль эсебиндеги акча жөнөтүлгөн. Союздук өкмөт согуш мезгилиндеги кыргыз өкмөтүнүн ишмердүүлүгүн жогору баалап ошондогу аткаруу комитеттеринин төрагалары биринчи жана экинчи даражадагы Ата Мекендик согуштун ордендери, Төрөбай Кулатов болсо Ленин ордени менен сыйланышкан.

Согуш убагында борбордук бийликтин үмүтүн актап, өзүнө коюлган бүт милдеттерди абийдүүлүк менен аткарып, кыйынчылыктан сабырдуулук менен чыгып кетүүсү ага болгон ишенимдин андан ары да артышына, 1938-жылдан 1945-жылдын ноябрына чейин мындай эң маанилүү кызматта турушуна шарт түзгөн. Москванын ага көргөзгөн ишениминен, колдоосунан сырткары ал чынында эле жетекчилик касиетине, табигый жөндөмгө ээ болгон. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде анын өкмөттү башкаруусунун өзү чоң иш болгон.

Т. Кулатовдун республикалык маанидеги эң ири долбоорлордун ишке ашырылышындагы өзгөчө салымын баса белгилеп кетүү зарыл. Кыргызстандын экономикасынын өнүгүүсүндө азыркы күнгө чейин орчундуу орду бар Чоң Чүй каналынын, Орто Токой суу сактагычы, Кант – Балыкчы темир жолу, Бишкек-Суусамыр-Жалал-Абад-Ош автомобиль жолунун, Ак-Түз, Айдаркен жана Кадамжайдагы ири комбинаттардын ж.б. курулушунда Кулатовдун тикеден-тике катышы бар. Аталгандардын баарысына анын союздук жетекчилердин (Сталин баш болгон) кабыл алуусунда болуп, долбоорлордун канчалык манилүүлүгүнө аларды ынандыруусунан кийин гана кол коюлган. Дегеле республикабыздагы маанилүү деп саналган бир да маселе Кулатов менен кеңешпестен туруп чечилген эмес. Муну ошол мезгилдеги замандаштары, бирге иштешкен жетекчилер ырастап келет. Өз кезегинде улуу инсан Исхак Раззаков да «Республикабыздын өнөр жайынын, айыл чарбасынын, маданиятынын өнүгүүсүндө Кулатовдун сиңирген эмгеги эбегейсиз зор, муну эч ким тана албайт»- деп эскергени бар.

Согуш аяктагандан кийин совет өкмөтүнүн алдындагы негизги маселе бүлгүнгө учураган чарбаны калыбына келтирүү жана тынчтык жашоого ылайыкташтыруу эсептелген. Бүткүл өлкө боюнча, анын ичинде Кыргызстанда эл чарбасын калыбына келтирүү боюнча массалык иш аракеттер жүргүзүлгөн.

1945-жылдын ноябрында Т. Кулатов Кыргызстандын Жогорку Советинин Президиумунун төрагалыгына шайланган. Бир эле мезгилде ал СССРдин Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы М.И.Калининдин орун басары болгон. Бул кызматта өз ишин мыкты билген, жашоодо ири тажрыйбага ээ жана эң мыкты эстеп калуу жөндөмүнө ээ Т.Кулатов чоң кадыр-баркка ээ болгон. Ал учурда проблемалар өтө көп болгон. Өнөр жайды, айыл чарбаны көтөрүү, илимди жана элдик билим берүүнү өнүктүрүү, республиканын энергетикалык кубаттуулугун арттыруу талап кылынган. Бардык тармактарды, анын ичинде элге билим берүүнү өнүктүрүү маселелери Т. Кулатов башында турган Жогорку Советтин жана анын Президиумунун көңүл борборунда турган.

Мамлекеттин структурасында Жогорку Совет өзгөчө орунду ээлеген. Мамлекеттик бийликтин жана элдик өкүлчүлүктүн жогорку органы катары ал бардык Советтерди өзүнө бириктирип турган. Ал республикадагы Конституцияга таандык бардык маселелерди чечүүгө укуктуу болгон, мыйзамдарды кабыл ала турган жалгыз гана орган болгон. Ал өзүнө баш ийген жана отчёт берген башка жогорку органдарды да түзгөн: Приезидиумду, өкмөттү, Жогорку сотту түзгөн, республиканын прокурорун дайындаган. Алардын баары Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин алдында системалуу түрдө отчёт беришкен. Анын алдында тармактар жана маданият чөйрөсү

боюнча көмөктөшүүчү туруктуу комиссиялар иштешкен, ал мыйзамдарды ишке ашырган, өзүнүн сессияларында эл чарбачылык пландарын, мамлекеттик бюджетти бекиткен жана мамлекеттик бийликтин башка дагы маанилүү функцияларын аткарган.

Т. Кулатов жетектеген Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиуму өз ишмердүүлүгү республика үчүн эң маанилүү болгон маселелер менен байланыштырган. Ошол мезгилде чарбалык жана маданий курулуш маселелерин чечүүдө республиканын Жогорку Советинин ролу байкаларлык деңгээлде жогорулаган. Жогорку Советтин сессиясында эл чарбасынын планы жана бюджетинен тышкары социалдык-экономикалык өнүгүү маселелери – жолдорду тейлөөнү жакшыртуу, айыл калкына кооперациялык кызмат көрсөтүү, жерди пайдалануу жана сугат иштери, турак-жай фондун эксплуатациялоо жана сактоо ж.б. маселелер каралган.

Согуштан кийинки мезгилде совет мамлекетинин саясий негизи катары Советтердин милдетин бир кыйла кеңейтилген. Жогорку Советтин ишмердүүлүгү мамлекеттик, экономикалык жана социалдык-маданий жашоонун бардык багыттарын өзүнө камтыган жана Т.Кулатов башында турган Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиуму уюмдук-массалык иштердин маселелерин ар дайым талкуулап, эл чарбасын көтөрүүдө алардын ролун жогорулатуу боюнча конкреттүү чараларды белгилеген. Президиумдун Аппараты тарабынан шайлоочулардын талаптарын жана сунуштарын эсепке алуу жана жалпылаштыруу, сессиялардын өз убагында чакырылышы жана жергиликтүү Советтердин туруктуу комиссияларынын иштерин активдештирүү боюнча көп иштер аткарылган. Мамлекеттик жана коомдук түзүлүштү андан ары демократиялаштырууда КПССтин XX съезди маанилүү роль ойногон (1956-жылдын февралы). Анын чечимдеринин бири союздук республикалардын укуктарын кеңейтүү багыты болгон. 1957-жылдын 11-февралында СССР Жогорку Совети «Союздук республикаларга областтык, крайлык административдик-территориялык түзүлүш маселелерин чечүүнү ыйгаруу жөнүндө» мыйзам кабыл алган. Буга байланыштуу республиканын Жогорку Совети өз алдынча территориялык түзүү укугуна ээ болгон. Административдик-башкаруучулук чыгымдарды кыскартуу жана чарбаны жана маданиятты курууну жетектөөнү жакшыртуу үчүн Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун Жарлыгы менен 1956–1958-жылдары 4 область жана 12 район жоюлган, бул 400 уюмду жана мекемени жоюуга мүмкүндүк берип, муну менен катар административдик-башкаруучулук кызматчыларынын саны бир кыйла азайган. Анын сессияларында кылмыш, кылмыш-процесс, жарандык, түзөтүүчү-эмгек кодекстери жана үй-бүлө жана нике кодекси кабыл алынган.

Кыргызстан КП БКнын бюросунда, Борбордук Комитеттин пленумдарында, республиканын Жогорку Советинде Т. Кулатовдун демилгеси боюнча талкууга коюлган маселелер ар дайым актуалдуу болгон жана аларды чечүү республиканын өнүгүүсүнө зор салым кошкон. Мисалга алсак, 1971-ж. Т. Кулатов жана партиянын Ош областтык комитетинин биринчи секретары С. Ибраимов Кыргызстан КП БКда «Чоң-Алай өрөөнүндө тоют базасын чыңдоо

жана кеңейтүү максатында сугат системасын өнүктүрүү боюнча мындан аркы чаралар жөнүндө» маселени талкууга коюшкан. Анткени Ош областынын колхоздорунда жана совхоздорунда коомдук малды көбөйтүү жана мал чарбасынын продуктуларын өндүрүү ошол учурда муктаждыктарды канааттандырган эмес.

Билдирүү катта багылып жаткан малдын катуу тоют менен камсыздалышы орто эсеп муктаждыктын 80-85 %ын, чыктуу тоют менен 70-75%ын жана аралаш тоют менен камсыздалышы 30-35 %дан ашык эмес экендиги белгиленген. Ошондой эле «Кара-Суу, Алай жана Фрунзе райондорунун көптөгөн чарбалары малды Чоң-Алай жайлоолорунан кыштоолорго 400 километрге чейинки алыстыкка чейин айдап барууга аргасыз болушууда, бул тирүү малдын салмагын азайтып, арыкташына алып келет. Кемчиликтерди жоюу жана катуу тоютту өндүрүүнү бир кыйла көбөйтүү жолдорунун бири Чоң-Алай өрөөнүндө жаңы сугат системаларын куруунун жана жайлоо топурагынан сугат жерлерге которуштуруунун эсебинен сугатты андан ары өнүктүрүү болуп саналат», – деп билдирилет.

Т.Кулатов онунчу класстын бүтүрүүчүлөрүн чабан бригадаларында иштөөгө тартуунун демилгечиси болгон. 1973-жылдын 13-июнунда ал Кыргызстан КП БКга атайын кат жиберген. Анын демилгеси Борбордук Комитет тарабынан да, жаштар тарабынан да колдоого алынган. Ошентип, республикада жаш чабандардын бригадаларын түзүү кыймылы түзүлгөн. Орто мектептердин бүтүрүүчүлөрү бүт класстары менен чабан болуп иштегенге барышкан. Азыркы күндүн көз карашы менен бул демилгелер өзүнүн актуалдуулугун жоготкону менен өз мезгилинде мындай аракеттер эл чарбасын өнүктүрүү ишинде жакшы натыйжаларга жеткирген.

Т. Кулатов Өзбек ССРинин чарбалары убактылуу пайдаланып жаткан өрөөндүн төмөнкү зоналарындагы айдоо жерлерин кеңейтүү үчүн жаңы совхоздорго өткөрүп берүү жөнүндө маселени чечүү зарыл деп эсептеген. Ушул жана башка маселелердин баары 1973-жылдын 9-июнунда Кыргызстан КП БКнын бюросунда каралган жана ал көйгөйлөр боюнча тиешелүү чечимдер кабыл алынган. Натыйжада Чаткал өрөөнүндө жаңы совхоздор пайда болгон, жергиликтүү калк кайтып келишкен жана Чаткал өрөөнүнүн экономикасы менен маданияты бир кыйла тездик менен өнүгө баштаган. Т.Кулатов башка райондордун абалына көңүл бурбай койгон эмес. Алсак, Суусамыр өрөөнүн өнүктүрүү боюнча анын Борбордук Комитетке кайрылуусунан кийин атайын комиссия түзүлгөн. Ал комиссияны республиканын Министрлер Советинин төрагасы А. С. Сүйүмбаев жетектеген. Иликтөөнүн натыйжалары Кыргызстан КП БКнын бюросунда каралган. Комиссиянын 1975-жылдын 21-августунда түзгөн билдирүү катында: «Борбордук Комитеттин бюросунун Т. Кулатовдун билдирүү каты боюнча тапшырмасына ылайык Суусамыр өрөөнүн пайдалануусуну жана ал жерде жашаган калкты ишке орноштурууну тартипке келтирүүнү дагы бир жолу карап чыктык» деп айтылат. Иликтөөлөрдүн натыйжалары боюнча бир катар чечимдер кабыл алынган.

Т.Кулатов мыйзамдын негизинде, бирок түрдүү кырдаалда түзүлгөн абалды эске алуу менен карапайым калктын арыз-муңун карап, алардын

маселелерин чечүүнү талап кылган. Ал чабандардын, алыскы райондордогу элдин турмушун жакшы билген жана бул маселе боюнча акыйкатсыз чыгарылган чечимдерди, өкүмдөрдү билгичтик менен карпайым элдин пайдасына чечүүгө аракеттенген. Республиканын бүт булуң-бурчунан Т.Кулатовго өз кезегинде элдер өздөрүнүн арыз-муңу менен кайрылып турушкан. Ошондуктан ал көп учурда элет жерлериндеги абал менен таанышуу максатында көп ирет командировкадан болуп турган. Бул болсо өз кезегинде элдин абалын, жашоо-турмушун терең билүүгө мүмкүндүк түзгөн жана бир эле мезгилде анын эл арасында абройун жогорулаткан.

Т.Кулатов жетектеп турган мезгилде республиканын Жогорку Совети бир катар чарбалык мүнөздөгү маселелерди чечүүгө аракеттенген. Мисалы, 1971-жылдын 26-августунда Президиумдун түздөн-түз көрсөтмөсү менен Кыргызстандын КП БКти жана Министрлер Совети “Чаткал өрөөнүн андан ары өздөштүрүү боюнча иш чаралардын топтомун” кабыл алган. Ага ылайык Ала-Бука-Терек-Сай-Жаңы-Базар жолдору калыбына келтирилип, Жаңы-Базар-Айгыржал жана Ак-Таш жолдору курулуп, Ак-Таш өрөөнүндө Чаткал дарыясы аркылуу өткөн ири көпүрө салынган. Бир катар айылдар электр жана радио менен камсыз кылынып, 150 ашуун үй-бүлө үчүн жаңы үйлөр курулган башка райондордон жергиликтүү эл жана келгиндер келе башташкан. 230 гектар аянт жерде эски сугат системалары калыбына келтирилген. Булардын баары 1972-жылы 3361 гектар жерге дан эгиндерин жана 1112 гектар жерге көп жылдык тоют өсүмдүктөрүн эгүүгө мүмкүндүк түзүлгөн. Ал эми 1973-жылы кошумча 1800 гектар жерге дан азыктары эгиле баштаган. Т.Кулатов жетектеген Жогорку Совет жогоруда аталган пландарды аткарууда бир катар кемчиликтерди аныктаган. Госплан жана Кыргыз ССРнин энергетика жана электрлештирүү башкармалыгы Чаткал өрөөнүн борборлоштурулган электр менен камсыз кылуу маселесин чечкен эмес, орнотулган электр зымдары бүт айылдарды өз ичине камтыган эмес, ал эми 1972-жылы орнотулган дизельдик электростанция иштен чыгып калгандыгы аныкталган.

Белгилүү болгондой 1950–1960-жж. бүткүл Союз боюнча дың жерлерди өздөштүрүү иштери башталган. Бул процесске Кыргызстан да активдүү тартыла баштаган. Алсак, бул Суусамыр, Чаткал өрөөндөрүн өздөштүрүү иштери башталган. Жогоруда айтылган документте Чаткалдагы Өзбекстан пайдаланып келген жайлоолорду эгин талааларына айландыруу маселеси да коюлган. Анткени алар сугат жерлер борлуп саналган, ал эми Өзбекстанга башка жерлерди пайдаланууга сунуштоо маселесин чечүү, эгин жана тоют азыктарын өстүрүүчү аянттарды кеңейтүү маселелери бул мезгилде бийликтин алдындагы эң орчундуу милдеттерден болгон. Т.Кулатов өзүнүн аткарган иштери боюнча берген маалыматтарында Чаткал өрөөнүндө, анын бир катар айылдарында, жайлоолорунда болгонун, жергиликтүү элдин көйгөйлөрүн, аткарылбай жаткан иштер боюнча кенен баяндап, конкреттүү кайсыл маселелерди чечүү зарыл экендигин аныктап, өкмөткө сунуштап турган. Башкача айтканда, Жогорку Совет республиканын турмушунун бүт чөйрөсүндөгү маанилүү маселелерди талкууга алып, чечилбей жаткан иштер

боюнча жакында таанышуу максатында жер-жерлерге бир катар командировкаларды уюштуруп турган.

Кээ бир булактарда Жогорку Совет республиканын саясий турмушунда анча деле роль ойнобогондугу айтылат. Ал партиялык съезддердин чечимдерин мыйзам негизинде бекитип турган. Көптөгөн окумуштуулар Т.Кулатовдун ролун жана ал башкарган бийлик структурасынын маанисин төмөндөтүп келишкен. Бирок иш жүзүндө Н.Хрущевдун учурунда Алай жана Чаткал өрөөнүнүн жарымын Өзбекстанга жайлоо катары берүү жөнүндө маселе көтөрүлгөн. Жогорку Советтин төрагасы Т.Кулатовдун жигердүү иш аракетинен улам бул маселе Кыргызстандын пайдасына чечилген. Ж.Жунушалиевдин пикиринде Т.Кулатов жайлоолор өзүбүзгө керек, анткени республика негизинен мал чарбачылыгына негизделгендигин ынанымдуу далилдеп, союздун жетекчилерин бул позициядан кайтара алган. Жайлоолордун кеңири болушу аркылуу гана биз койлордун санын көбөйтүүгө жетишип жатабыз деген Т.Кулатовдун аргументи жана анын жеке кадыр баркы – бул маселени позитивдүү нукта чечүүгө шарт түзгөн. Т.Кулатовдун түздөн-түз кийлигишүүсү аркылуу Кыргызстан өз аймагынын бүтүндүгүн сактап калууга жетише алган десек болот.

## КОРУТУНДУ

1. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, Төрөбай Кулатов Советтик Кыргызстандын эң көрүнүктүү мамлекеттик ишмерлеринен болгон (1938–1978-жж.). Ал мамлекеттин тарыхындагы оор мезгилде бийликте туруп, түрдүү багыттагы иш чараларды ишке ашырган. Т.Кулатовдун республиканын саясий турмушуна активдүү катышуусу, көптөгөн жылдар аралыгында жогорку кызматтарды аркалоосу өзгөчө бир кайталангыс көрүнүш (уникалдуу феномен) катары кароого болот.
2. Т.Кулатов Кызыл-Кыя шахтысында иштеп жатканда жалпы союздук стахановдук демилгелерди колго алып, аны шахтада алгачкылардан болуп уюштуруусу анын саясий карьера жасоосуна ыңгайлуу шарттарды түзгөн. Т.Кулатовдун 1937-жылы Кызыл-Кыя шаарынын жетекчисинин орун басарлыгына дайындалуусу, кийинчерээк СССРдин Жогорку Советине депутаттыкка шайланышы анын жогорку бийлик системасына тартылуусунун негизги факторлорунан болгон.
3. 1940-жж. Т.Кулатов бийликте турган мезгилде Кыргызстандын ирригациялык, жол куруу системалары жана илим тармактары өнүгүүгө ээ болгон. Анын жетекчилиги астында согуш мезгилинде көчүрүлүп келинген завод-фабрикалар ишке киргизилип, келгиндер жер-жерлерге жайгаштырылып, турак-жай, жумуш менен камсыздалган. Бир эле мезгилде ири өндүрүштүк объектилерди куруу иштери улантылган. Согуш учурунда республиканын өндүрүшү толугу менен аскердик муктаждыкты канааттандырууга багытталган. Т.Кулатов жетектеген Өкмөт элди мобилизациялап, жеңиш үчүн ири каражаттарды, азык-түлүктөрдү согушка жөнөтүп, көчүрүлүп келинген элге ара тараптуу жардам көргөзүп турган. Бул мезгилде республиканын экономикасы

жана илимий, маданий потенциалы көчүрүлүп келинген ишканалардын, мекемелердин эсебинен бекемделген.

4. Согуш жылдарында республиканын Эл Комиссарлар Советинин Төрагасы катары Т.Кулатов өзүнүн ыкчамдыгы жана принципиалдуулугу менен айырмаланган. Бул мезгилде республикадагы стратегиялык маанидеги объекттерди куруу иштери колго алынган: Кант – Рыбачье темир жолун, Чоң Чүй каналы ж.б. Жергиликтүү чийки затты пайдаланган республиканын коргонуу өнөр жайдын тез өнүгүшүнө шарттар түзүлөн. Т.Кулатовдун күжүрмөн эмгегинин натыйжасында согуш жылдарында Кыргызстандын эмгекчилери ийгиликтерге жетишип, жеңишке зор салымдарын кошушкан. Анын бул мезгилдеги эмгеги жогору бийлик тарабынан объективдүү бааланып, мамлекеттик сыйлыктар менен сыйланган.

5. Т.Кулатов согуштан кийинки жылдарда да коомдук-саясий процесстерге жигердүү катышкан. Т.Кулатов Кыргыз ССРнин Жогорку Советинин Президиумун жетектеп турган мезгилде кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн бекемделүүсүндө, экономиканын, илимдин жана маданияттын өнүгүүсүнө чоң салым кошкон. Т.Кулатов жетектеген Кыргыз ССРнин Жогорку Советинин Президиуму республиканын турмушунун бардык чөйрөлөрүндөгү маселелерди чечүүгө активдүү катышкан. Ал мыйзамдын аткарылышын, совет өкмөтүнүн республикадагы саясатын ишке ашырылышын көзөмөлдөө менен дайыма биринчи орунга карапайым калктын муктаждыктарын, талаптарын, кызыкчылыктарын коргоого аракеттенген. Башка саясатчылардан айырмаланып ал дайыма эл арасында жүрүп, кырдаал менен жакындан таанышып, бийлик менен элди байланыштырып турган инсан болгон.

**Практикалык сунуштар**

- Т.Кулатовдун жана XX кылымдын биринчи жарымында кыргыз элинен чыккан башка көрүнүктүү инсандардын өрнөктүү өмүрү жана көп кырдуу ишмердүүлүгүнүн мисалында китепчелерди, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, маалымдоо каражаттары аркылуу макалаларды дайыма жарыялоо, ушул тематикада радио уктурууларды жана теле берүүлөрдү уюштуруу.
- Т. Кулатовдун ишмердүүлүгүн ар тараптуу талкуулоого жана объективдүү баа берүүгө арналган илимий конференцияларды уюштуруу натыйжалуу болот.
- Изилдөөнүн негизги жоболору, жыйынтыктары инсан таануу жаатында жүргүзүгөн илимий иштерди жүргүзүүдө, өлкөнүн совет мезгилиндеги тарыхын окуп-үйрөнүүдө, өкмөттүн, парламенттин ишин уюштурууда, коомчулук менен иштөөдө, жаш муундарды чыгаан инсандардын мисалында эмгекти сүйүүгө, жоопкерчиликке, мекенчилдикке тарбиялоодо, ар кандай маалыматтык энциклопедияларды түзүүдө колдонсо болот.
- Илимдин ар түрдүү тармактарынын адистери тарабынан бул мамлекеттик жана коомдук ишмердин практикалык тажрыйбасын изилдеп-үйрөнүүнү активдештирүү .

**Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган эмгектердин тизмеси:**

1. Тагаев, Б. А.Уникалдуу феномен [Текст] Б. А. Тагаев// Известия ОшТУ. №1, 2011. – 30-34-бб. https://drive.google.com/file/d/1ufbnKE-p7FpqWvWJL9NN5wNp6guqXwdm/view?usp=drivesdk

2. Тагаев, Б. А. Т.К. Кулатов и развитие культуры в Кыргызстане [Текст] Б. А. Тагаев// Наука и новые технологии. №9, 2011. – С. 92-94. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=25401504

3. Тагаев, Б. А. К вопросу о личности Т. Кулатова в Отечественной истории [Текст] Б. А. Тагаев// Наука и новые технологии. №9, 2011. – С. 97-100. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=25401506

4. Тагаев, Б. А. Т. Кулатов и послевоенное развитие Кыргызстана(вторая половина 40-60 гг.) [Текст] Б. А. Тагаев// Известия ВУЗов. №5, 2012. – С. 91-93. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=26691034

5. Тагаев, Б. А. Социально-политическое развитие Кыргызстана накануне и первые годы государственной деятельности Т. Кулатова [Текст] Б.А.Тагаев// Известия ВУЗов. №5, 2012. – С. 97-100. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=26691036

6. Тагаев, Б. А. Т. Кулатов как государственный деятель [Текст] Б.А.Тагаев// Высшая школа Казакстана. – Алматы, №3, 2012. – С. 77-82. https://drive.google.com/file/d/1ugc1i5orIKn6HOf96tKLVzo89kuQRLTu/view?usp=drivesdk

7. Тагаев, Б. А. Торобай Кулатов как государственный деятель Кыргызстана в военные годы(1941-1945 гг.) [Текст] Б.А.Тагаев// Наука и новые технологии. №2, 2013. – С. 170-172. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=26299856

8. Тагаев, Б. А. Государственная деятельность Торобая Кулатова в годы Великой Отечественной войны [Текст] Б. А. Тагаев// Наука и новые технологии. №2, 2013. – С. 196-199. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=26299863

9. Тагаев, Б.А. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптануусундагы жана өнүгүүсүндөгү Т. Кулатовдун орду [Текст] Б.А. Тагаев// Известия ОшТУ. №2, 2014. – 228-233-бб. http://vestnik.oshtu.kg/index.php/138-statii/izvestiya-2-2014-1/problemy-sotsialno-gumanitarnykh-nauk

10. Тагаев, Б.А. Роль Т. Кулатова в формировании и развитии кыргызской государственности [Текст] Б.А.Тагаев// Молодой учёный. Международный научный журнал. № 26(130), 2016 – С. 555-558. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=27432662

11. Тагаев, Б. А. Роль и место личности Т. Кулатова в истории Кыргызстана [Текст] Б.А.Тагаев// Молодой учёный. Международный научный журнал. №1(135), 2017 – С. 383-386. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=27702124

12. Тагаев, Б. А. Т.Кулатовдун өмүрү жана саясий ишмердүүлүгү тарыхый изилдөөлөрдө [Текст] Б. А. Тагаев // История, Археология и этнология. Научный журнал. № 1, 2022 –86-94-бб. https://drive.google.com/file/d/1ujbv08SIeKfOzNcuQx7PniHtobwf5L-e/view?usp=drivesdk

13. Тагаев, Б. А. Жизнь и деятельность Т. Кулатова в период развития кыргызской государственности [Текст] Б.А.Тагаев // Бюлетень науки и практики. Т. 9. №12, 2023. С. 423-428. https://doi.org/10.33619/2414-2948/97

14 Тагаев, Б. А. Роль личности Т. Кулатова в становление советской власти 30 – 40 годах [Текст] Б. А. Тагаев // Бюлетень науки и практики. Т. 9. №12, 2023. С. 429-434. https://doi.org/10.33619/2414-2948/97

**Тагаев Бекзат Аралбековичтин “Төрөбай Кулатов – көрүнүктүү мамлекеттик ишмер” аттуу 07.00.02 Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Өзөктүү сөздөр:** Т.Кулатов, мамлекеттик ишмер, Кыргыз ССРи, министр, Президиум, төрага, экономика, стратегиялык объектилер, саясий процесстер

**Изилдөөнүн объектиси** Кыргызстандын советтик мезгилиндеги көрүнүктүү мамлекеттик ишмери Т.Кулатовдун өмүр жолу жана ишмердүүлүгү эсептелинет.

**Изилдөөнүн предмети** Т.Кулатовдун мамлекеттик ишмердүүлүгүнүн республиканын социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүнө тийгизген таасири, кошкон салымы.

**Иштин максаты** көрүнүктүү мамлекеттик ишмер, өлкөнүн өкмөтүн, Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын Жогорку Советинин Президиумун узак жылдар бою жетектеген Төрөбай Кулатовдун ишмердүүлүгүн тарыхый булактардын негизинде кеңири изилдеп, анын республиканын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон салымын, көрүнүктүү мамлекеттик ишмер катары бейнесин ачуу менен илимий жактан баа берүү.

**Диссертациянын методологиялык негизин** объективдүүлүк жана тарыхыйлуулук принциптери, системалуу-салыштыруу, биографиялык, хронологиялык ж.б. ыкмалар түзөт.

**Иштин илимий жаңылыгы**. Изилдөөдө Т. Кулатовдун ишмердүүлүгү боюнча буга чейин белгисиз болгон кээ бир архивдик материалдар, ошондой эле изденүүчү тарабынан Т.Кулатовдун замандаштары, туугандарынан сурамжылоо жолу менен чогултулган материалдар илимий айлампага киргизилди; Т.Кулатовдун өлкөнүн өкмөтүн, Жогорку Кеңештин Президиумун жетектеп, 40 жыл мамлекетти башкарууда феноменинин сыры анын жеке адамдык жана жетекчилик мыкты сапаттарында экендиги аныкталды; Т.Кулатовдун жеке демилгеси, аракети менен өлкөнүн бир катар стратегиялык объектилеринин курулгандыгы, ошондой эле Т. Кулатов тарабынан башкаруунун өзгөчө бир үлгү боло турган моделин түзгөндүгү далилденди;

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** Т. Кулатовдун мамлекеттик ишмердүүлүгү, басып өткөн байсалдуу жолу азыркы мамлекеттик жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын

кызматкерлери үчүн үлгү катары гана болуп калбастан, алар анын топтогон тажрыйбасын практика жүзүндө өздөрүнүн ишмердүүлүгүндө пайдаланышса болот.

**Изилдөөнүн негизги илимий жыйынтыктарын** инсан таануу жаатында жүргүзүгөн илимий иштерди жүргүзүүдө, өлкөнүн совет мезгилиндеги тарыхын окуп-үйрөнүүдө, өкмөттүн, парламенттин ишин уюштурууда, коомчулук менен иштөөдө, жаш муундарды чыгаан инсандардын мисалында эмгекти сүйүүгө, жоопкерчиликке, мекенчилдикке тарбиялоодо, ар кандай маалыматтык энциклопедияларды түзүүдө колдонсо болот.


**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Тагаева Бекзата Аралбековича на тему «Торобай Кулатов – видный государственный деятель» на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02 – отечественная история.**

**Ключевые слова:** Т.Кулатов, государственный деятель, Кыргызская ССР, министр, Президиум, председатель, экономика, стратегические объекты, политические процессы

**Объектом исследования** является жизнь и деятельность видного государственного деятеля Кыргызстана в советский период Т. Кулатова.

**Предметом исследования** является влияние, вклад государственной деятельности Т.Кулатова в социально-экономическое и культурное развитие Республики.

**Целю исследования** является дать научную оценку деятельности Торобая Кулатова, долгие годы возглавлявшего правительство страны, Президиум Верховного Совета Кыргызской ССР, на основе исторических источников с широким изучением его вклада в социально-экономическое развитие Республики, раскрытием его образа как видного государственного деятеля.

**Методологическую основу диссертации** составляют принципы объективности и историзма, системно-сравнительный, биографический, хронологический и др. методы.

**Научная новизна исследования:** В результате исследования в научный оборот были введены некоторые ранее неизвестные архивные материалы, а также материалы, собранные соискателем путем опроса современников, родственников Т.Кулатова; в ходе исследования был раскрыт феномен Т.Кулатова возглавлявшего правительство страны, Президиума Верховного Совета долгих 40 лет, секретом которого являлся его лучшие личностные и руководящие качества; доказано, что по личной инициативе и усилиями Т.Кулатова были построены ряд стратегических объектов республики, а также создана образцовая модель в управлении.

**Практическая значимость полученных результатов.** Государственная деятельность Т.Кулатова, пройденный путь стали не только образцом для подражания для нынешних работников государственных органов и органов

местного самоуправления, но и возможностью использовать накопленный им опыт на практике в своей деятельности.

**Основные научные результаты исследования** могут быть использованы при проведении научных работ в области личностоведение, изучении истории страны в советское время, в организации спецкурсов по выдающимся личностям Кыргызстана, в организации работы правительства, парламента, в работе с общественностью, в воспитании молодого поколения на примере выдающихся личностей к трудолюбию, ответственности и патриотизму.


## SUMMARY

**dissertations of Tagaev Bekzat Aralbekovich on the topic "Torobai Kulatov – a prominent statesman" for the degree of Candidate of Historical Sciences in the specialty 07.00.02 – national history.**

**Keywords:** T.Kulatov, statesman, Kyrgyz SSR, Minister, Presidium, Chairman, economy, strategic facilities, political processes

**The object of the study** is the life and work of a prominent Kyrgyz statesman in the Soviet period, T. Kulatov.

**The subject of the study** is the influence and contribution of T.Kulatov's state activities to the socio-economic and cultural development of the Republic.

**The purpose of the study** is to give a scientific assessment of the activities of Torobai Kulatov, who for many years headed the government of the country, the Presidium of the Supreme Council of the Kyrgyz SSR, based on historical sources with a broad study of his contribution to the socio-economic development of the Republic, revealing his image as a prominent statesman.

**The methodological basis** of the dissertation is based on the principles of objectivity and historicism, system-comparative, biographical, chronological, etc. methods.

**Scientific novelty of the research:** As a result of the research, some previously unknown archival materials were introduced into scientific circulation, as well as materials collected by the applicant by interviewing contemporaries, relatives of T.Kulatov; during the study, the phenomenon of T.Kulatov, who headed the government of the country, the Presidium of the Supreme Council for 40 years, the secret of which was his best personal and leadership qualities, was revealed It is proved that on the personal initiative and efforts of T.Kulatov, a number of strategic facilities of the republic were built, as well as an exemplary management model was created.

**The practical significance** of the results obtained. The state activity of T.Kulatov and the path he has traveled have become not only a role model for current employees of state bodies and local governments, but also an opportunity to use his accumulated experience in practice in their activities.

**The main scientific results** of the research can be used in conducting research in the field of personality studies, studying the history of the country in Soviet times,

in organizing special courses on outstanding personalities of Kyrgyzstan, in organizing the work of the government, parliament, in working with the public, in educating the younger generation on the example of outstanding personalities to diligence, responsibility and patriotism.